**УДК: 37.013** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).464**

**КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДА МУГАЛИМДИК КЕСИПТИН КӨП КЫРДУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ**

Акматали Алимбеков
Педагогика илиминин доктору профессор,
Кыргыз-Түрк “Манас” университети
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

**ОТРАЖЕНИЕ МНОГООБРАЗНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ УЧИТЕЛЬСКОЙ ПРОФЕССИИ В ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ**

Акматали Алимбеков,
Доктор педагогических наук, профессор,
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

**REFLECTION OF THE DIVERSE FEATURES OF THE TEACHING PROFESSION IN LITERARY WORKS**

Prof. Dr. Akmatali Alimbekov
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

**Аннотация**

Сунушталган изилдөөдө түрдүү доорлордогу, түрдүү улуттук маданий алкактагы мугалимдердин инсандык жана кесиптик сапаттарындагы өрнөктүү үлгүлөр менен бирдикте өксүк көрүнүштөр педагогикалык кесиптин нормативдик талаптарына ылайык реконструкцияланат. Изилдөө сапаттык изилдөө моделине ылайык документ анализи методу аркылуу түрдүү жазуучулардын чыгармаларындагы мугалимдердин образдарын педагогикалык өңүттөн талдоо аркылуу жүзөгө ашкан. Изилдөөнүн булактары б.а. талдоого алынган көркөм чыгармалардагы мугалимдер бири биринен айрымалуу элдерге, бири биринен айрымаллуу тарыхый доорлорго таандык. Бирок, алардын баарын мезгил менен мейкиндиктин мерчемине баш ийе бербеген улуу кесипке таандык түбөлүктүү асыл сапаттар менен кейиштүү кемчиликтер бириктирип турат. Көркөм адабий чыгармалардагы мугалимдердин образы азыркы мугалимдер үчүн аталган кесиптин табиятын көп кырдуу чен-өлчөмдөрдүн чегинде аңдоо, таануу жана аларга карап түздөнүү үчүн татыктуу билим жана таасирлүү ориентир боло алат.

**Негизги сөздөр:** көркөм адабият, педагогика, мугалим, кесиптик өзгөчөлүктөр.

**Аннотация**

В предлагаемом исследовании реконструируются показательные примеры личностных и профессиональных качеств учителей разных эпох и национально-культурных контекстов, а также их негативные аспекты в соответствии с нормативными требованиями педагогической профессии. Исследование проводилось методом анализа документов в соответствии с качественной исследовательской моделью, посредством анализа образов учителей в произведениях различных писателей с педагогической точки зрения. Источники исследования, то есть учителя в анализируемых художественных произведениях, принадлежат разным народам и разным историческим периодам. Однако всех их объединяют непреходящие благородные качества и печальные недостатки великой профессии, не подчиняющейся масштабам времени и пространства. Образ учителя в художественных произведениях может стать достойным источником знаний и действенным

ориентиром для современных учителей в понимании, осознании и корректировке сущности профессии в её многогранном измерении.
**Ключевые слова:** художественная литература, педагогика, учитель, профессиональные характеристики.

**Abstract.**

In the proposed study, exemplary examples of the personal and professional qualities of teachers of different eras and national cultural contexts, along with their negative aspects, are reconstructed in accordance with the normative requirements of the pedagogical profession. The study was carried out using the method of document analysis in accordance with the qualitative research model, through the analysis of the images of teachers in the works of various writers from a pedagogical perspective. The sources of the study, that is, the teachers in the analyzed works of art, belong to different peoples and different historical periods. However, they are all united by the eternal noble qualities and sad shortcomings of a great profession that does not obey the scale of time and space. The image of teachers in works of art can be a worthy source of knowledge and an effective reference point for modern teachers to understand, recognize and correct the nature of the profession within its multifaceted dimensions.
**Keywords**: fiction, pedagogy, teacher, professional characteristics.

Үстүрт караганда көркөм адабият аркылуу мугалимдик кесиптин көп кырдуу өзгөчөлүктөрүн реконструкциялоо педагогикалык илиминин эреже салттарынан тыш көрүнүш катары кабылданышы мүмкүн. Бирок, маселенин жалпы генезисине саресеп салуу адабият менен педагогика эзелтен бири бирин эриш -аркак толуктап келе жаткан руханий феномендер экендигинен кабар берет.

Адабият менен педагогиканын тектештиги төмөнкүдөй жагдайларды өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет:

1. Бардык элдердин байыркы тарыхында адамдар көргөн билгенин сөз өнөрүнө сактап, муундан муунга сөз аркылуу мурастап, сөз аркылуу тарбиялашкан. Акылман, таамай орундуу айтылган сөз тарбия, акыл билим катары кабылданган. Кайсы элдин педагогикалык маданиятынын тарыхын албайлы сөзгө барып такалат.
2. Педагогика да, адабият да адамдын ойлоо багытында, ишенген нарк нускаларында, пейилинде, мүнөзүндө өзгөртүү жаратууга багытталган өзгөчө маданият феномендери. Адабий көркөм чыгарманы окуган адам түрдүү пейил мүнөздөрдү салыштырат, талдайт, ак караны таанып, руханий адептик позициясы ишенимдерине таяныч таап бекемдеп алат.
3. Ар кандай жазуучу өз чыгармасын түркүн окуяларга, тагдырларга, тарыхый сабактарга саресеп салып, олуттуу ой чуркатып адамдар алардан сабак алсын деген ийги тилек, илгери үмүт менен жазат.

Адабият менен педагогиканын карым катышы бардык мезгилдерде кадыресе мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабылданган. Ф. Достоевскийдин чыгармалары психиатрларды кызыктырса, Л.Н. Толстойдун айрым чыгармалары согуш искусствосу билиминин булагы катары кабылданган.

Ф. Энгельс Маргарет Харкнеске жазган катында: «….экономикалык деталдардын маанисин... Кесипкой тарыхчыларынын, экономисттериндин эмгектерине караганда Бальзактын «Адам комедиясы» аттуу чыгармасынан көбүрөөк таанып билдим» - деп жазат (https://shalamov.ru/library/31/9.html)

Жюль Верн 70 романында 108 ден ашык илимий ачылыштарга божомол жасаган. Алардын жарымынан ашыгы К. Э. Циолковский, В. А. Обручев, Д. И. Менделеев, И. А. Ефремов ж.б.лардын эмгектеринде тастыкталган.

Франсуа Рабле «Гаргантюа и Пантагрюэль» - орто кылымдын таалим тарбия системасынын кризисин комедиялык мүнөздө чагылдырат. [10]

Ж.-Ж. Руссонун «Эмиль, же тарбиялоо жонундо» аттуу роман -трактатында балдардын табиятын таануу боюнча гуманистик идеялар камтылган. Чыгармада “Балаңызды сактоо

коргоо үчүн кам көрүү жетишсиз. Аны өзүн өзү сактап калууга, тагдырдын соккусуна туруштук берүүгө, жыргалчылыкты жана жакырчылыкты жек көрүүгө, керек болсо Исландиянын карында жана Мальтанын ысык аскаларында жашоого үйрөтүү керек” - деген бүгүнкү педагогикалык парадигмалар менен үндөш ойлор кездешет. [4, 145]

И. Г. Песталоццинин «Лингард и Гертруда» аттуу көркөм чыгармасы башталгыч билим берүүнүн методикасына жол ачкан, окутууну өндүрүштүк эмгек менен айкалыштыруунун тажрыйбасын чагылдырган.

А.С.Макаренконун «Педагогикалык поэма» аттуу автобиографиялык чыгармасында балдарды тарбиялоонун оргиналдуу системасы, тарбиячынын чексиз чеберчиликтери чагылдырылган. Немец окумуштуусу Г.Ноль 1950-жылы «Педагогикалык поэма» тууралуу рецензиясында : «Педагогикалык поэма» сыяктуу байлыкка ээ болгон орус элине суктанууга гана болот. Ал ар бир окурмандын педагогикалык инстинкттерин ойготот. Бул китепти бизде зор куштарлык менен окушат жана полемикалар да болушу мүмкүн. Анда көчө балдарын тарбиялоо теориясынан тышкары көп нерсе камтылган» - деп жазган. [14, 48]

Бул романды окуп чыккан М.Горкий А. Макаренконун жазуучулук жана педагогикалык талантынын айкашына тан берип «Сиз укмуштуудай керемет адамсыз жана Россия так сиздей адамга муктаж болуп турат” - деп жазган. [14, 53] Аркадий Гайдар «Тимур жана анын командасы» аттуу чыгармасында балдардын өз демилгеси менен кары-картаңдардын, мекенин коргоого кеткендердин үй-бүлөсүнө кам көрүүнү өз мойнуна алган балдар кыймылы тууралуу баяндалат. Бул чыгармадагы балдардын өрнөктүү иш аракеттери мурдагы Советтик өлкөлөрдүн бардык балдарынын делебесин козгоп ар бир мектепте “Жаш Тимуровчулар” кыймылынын жайылышына алып келген. Булардын негизинде көркөм чыгармаларда олуттуу педагогикалык маселелер каралаары жана аларды изилдөө зарылдыгы тууралуу бүтүм чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Ал эми сунушталган макаланын максаты көркөм чыгармалардагы мугалимдик кесиптин көп кырдуу өзгөчөлүктөрүнүн чагылдырылышын изилдөө.

**Изилдөөнүн материалы жана методдору.**

Изилдөөнүн негизги булактарын мугалимдер темасына байланыштуу чет элдик жана кыргыз жазуучуларынын чыгармалары түздү. Изилдөөдө семантикалык типологиялык, текстологиялык, контекстуалдык талдоо методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана аларды талкуулоо**

Түрдүү доорлордогу коомдук педагогикалык турмушка арналган чыгармаларда мугалимдер проблемасы ар түрдүү өңүттөн каралат.

Бул эмгекте көркөм чыгармалардагы мугалимдердин кесиптик педагогикалык баалуулуктарын талдоодо шарттуу реконструкцияга таяндык.

1. *Коомдун руханий -интелектуалдык бакубаттыгы мугалимдердин кесиптик деңгээлинен көз каранды болот.* Алсак, Франсуа Рабленин «Гаргантюа и Пантагрюэль» романында орто кылымдагы мугалимдердин кесиптик педагогикалык даярдыгынын тайыздыгы сатиралык өңүттө сындалат. Романдагы педант мугалим Тубал Холофернес балдарды жаттоого үйрөткөндөн башка ыкманы билбейт. Ошондуктан анын колунан таалим алган окуучулар коомдогу башкалардын оюун жаттап тууураган, өз алдынча пикири жок интелектуалдык майыптардын ордун толтурат. [10]

Д. Фонфизиндин “Кемпай” романы - мугалимдер сабатсыз болсо акыл парасаты тайыз, кемпай адамдар арбын болоорун тастыктаган чыгарма. Ошону менен бирдикте чыгармада ошол доордо мугалимдерди даярдоо атайын колго алынбай көрүнгөн иш таппаган айласыздардын кесибине айланып кеткени көрсөтүлөт. Простакова уулуна мыкты мугалимдерди табууга аракеттенет. Бирок эң жакшы дегендердин баары биринен өтө бири начар болуп чыга берет. Алардын бири арифметика мугалими чала сабат Цыфиркин Митрофанушкага кантип эсептөөгө үйрөтүүнү билбейт. Натыйжада эки жыл окугандан кийин Митрофанушка санаганды үйрөнбөй кала берет. Экинчи мугалим окуганды жана жазганды үйрөтүүчү Кутейкин андан ашып түшпөйт. Ал да Митрофанушкага эч нерсе үйрөтө албайт, тескерисинче өзүнүн ыкшоо жалкоолугуна адат алдырат. [13] Бул эки

чыгармада тең коом өзүнүнүн өзүн өнүктүрүүнү мугалимдерди даярдоого олуттуу мамиле кылуудан башташы керек деген ой тыянак келип чыгат. Анткени, коом мугалимдердин деңгээлинен көз каранды. Коом кандай мугалимге канааттанса, анын өнүгүшү андан ашып түшпөйт.

*2. Мугалимдик катардагы кесип эмес, адамдан өзүн өзүн арнашын талап кылган тармак.* Көркөм адабиятта мугалим билим гана эмес, жан дүйнөгө , жылуулук, боорукердик берүүчү бөтөнчө рух, бөтөнчө ыклас деген коомдук педагогикалык ой пикирлер өзгөчө өнүгүүгө ээ болгон. Алсак, Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында өкүмчүл бийлик Абуталипти мугалимдик кызматтан ажыраткан менен мугалимдик нарк насилинен ажырата албайт. Ал Сары- Өзөктүн кыйырындагы өздөрү айткандай «дүйнөнүн каргыш тийген жери» Бороонду бекетте балдарга дүйнө таанытып, көңүлүн агартууну жашоо турмушундагы эң башкы парзы катары кайраттуулук менен токтотпой уланта берет. Анын педагогдук негизги кредосу балдарынын сезимине өзүн тереңиреек сиңирип алар менен кошо өзү көбүрөөк жашап калуу. Абуталиптин нукура мугалим экендигин « … окутуучу деген ушу тура. Чоң эле кишилер бала менен бала болуп, балдарга кандай мамиле жасаарын карап олтуруш өзүнчө кызык…»…. деп чала сабат Эдигей да даана туйуп адилет баалайт. Абуталиптин мугалимдик таасиринен Эдигей менен Казангаптын да көкүрөктөрү агарат. [2, 178] Өзүн мугалимдикке арноо мотиви өзгөчө Ч. Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги Майсалбектин катында ачык берилген. Ал өмүрү менен коштошоор мезгилде акыркы сабагын берип кетүүгө ашыгып мынтип жазат: «…Мына азыркы окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди, бардык дилимди жумшайм…» [2, 115]

Мугалимдикке өзүн арноо дайыма эле өмүрүнүн башатында эмес, интлектуалдык чөйрөдө белгилүү бийиктиктерди багынткан адамдардын турмушунда олуттуу бурулуш катары пайда болот. Мындай үлгү орус элинин атактуу окумуштуу педагогу С.А.Рачинский жөнүндөгү Григорий Петровдун “Мыкты адам” аттуу көркөм документалдык чыгармасында чагылдырылат.

С.А.Рачинский математика боюнча жазган эмгектери бүт Европага таркаган, Москва университетинин абройлуу профессору наамына жетишкен б.а. илимий жана коомдук жактан таанымал окумуштуу даражасы менен мектепке мугалимдикке келе берет, калган өмүрүн карапайым элдин балдарын окутууга арнайт. Ал өзүнүн дымагын *“акылынан адашыптыр”* дегендерге төмөнкүчө түшүндүрөт: “Мен илимимди, билимимди, тажрыйбамды жана кудай берген талантымды айрымдар ойлогондой керексиз, жаңылыш ишке жумшаганы жатканым жок. Мен ушул болгон байлыгымды калктын арасында катылып жаткан жаңы таланттарды таап чыгуу үчүн бара жатам. Баарыңар окумуштуу катары жакшы билесинер, жер астынан нефти таап чыгууну максат кылгандар жерди оюп тереңине житишишет. Ал эми мен бүгүн элимдин рухуна түшүп, миңдеген жылдардан бери катылып жаткан таланттарын таап чыгуу үчүн айылга аттанып олтурам” [8, 115] .

***3.*** *Мугалимдер коомдун, улуттун руханий өнүгүшүндөгү өксүктөрдү башкалардан эрте баамдап алардан арылтуу, өнүктүрүүгө активдүү аракет кылган инсандар.* А.П. Чеховдун “Адабият мугалими” аңгемесинде Сергей Васильевич Никитин айыл чөйрөсүндөгү балдардын жана чоңдордун көнүмүшкө айланган жашоо образынан, кунарсыз сүйлөө речтеринен тажайт. Бул аркылуу айыл тургундарынын күнүмдүк тиричиликке зарыл билимдер менен чектелгенин өзүнүн руханий дүйнөсүн өнүктүрүүгө кайдигер карагандыктарына бушайман болуп “Мындай жашоого болбойт”- деген педагогикалык чакырык жасайт. [15] . Г. Петровдун “Мыкты адам” чыгармасындагы мугалим Рачинский арактын кесепетинен элдин тартып жаткан зыяндарын ар араптан изилдеп, эсебин чыгарат, медициналык китептерди окуу аркылуу көптөгөн оорулардын себептерин аныктайт. Эң коркунучутуусу аракка алдыргандар адеп-ахлагынан айрылып ар кандай кылмыштардын булагы болуп жатканын ашкере кылат. Ал элди алкоголдук ичимдиктерге көз каранды болуп калган ичикич элдин келечек муунга өткөрүп берээр бийик идеялары, болушу мүмкүн

эместигине айыл элин аз аздан ынандырууну баштайт. Ал турмушка реалдуу карап шишедеги шайтан менен күрөшүүгө баарынын эрки жетпеши мүмкүн. Бирок, кандай болгон күндө да жаштарды жана жаш балдарды бул балээнин торунан куткарышыбыз керек” –дейт. [8, 33]

Коомдук турмушту өзгөртүүгө таасир этүү мотивинин учкундары М. Гапаровдун “Кыштакча”, Т. Касымбековдун “Жетилген курак” аттуу чыгармаларындагы мугалим каармандардын образынан да жолугат.

“Кыштакча” повестинде Акун өзү жашаган үйдү актаганы элет жеринин жашоо образын өзгөртүүгө таасир көрсөтүү фактысы катары ортого чыгат. Акундун бул агартуучулук педагогдук кадамын бардык элден да окуучулары байкаганы мындайча сыпатталат: *“Тезек терип жүрүп, кокусунан, балдардын бирөө, көрсө, Унсун экен: - Карагыла! Акун агайдын үйү ак паровозго окшоп калыптыр! – деп балалык кубанычы менен кыйкырып калды. Биз дөң жерде болчубуз, кыштактын үйлөрү ылдый жагыбыздагы түздө жамырап жаткан. Карасам, менин актап койгон үйүм, чын эле өзүнүн актыгы менен жанындагы тамдардан даана бөлүнүп, бир нече боппоз, көрксүз вагондорду сүйрөп бараткан паровозго окшоп калыптыр”* [8, 33] .

Ал эми Т. Касымбековдун “Жетилген курагында” ата - энесинен эрте калып, балдар үйүндө тарбияланып, көп жылдан соң жогорку билим алып, өз айылына мугалим болуп барган мугалим Эсен кесиптештерин айылдыктарын турмушундагы артка тарткан оош кыйыштар тууралуу ой санаага батып аларды пикири менен да, кылган иши өрнөгү менен да өзгөртүүгө таасир көрсөтүүгө чын ыкластан аракет кылат. Өзгөчө анын орус жана кыргыз тилдерин элетте жана шаарда окутуу жөнүндөгү ойлорун азыр да рационалдуу сунуш катары кабылдоого болот [6] .

Түркиялык жазуучу Решат Нури Гүнтекиндин “Боз торгой” романындагы Фериде алыскы айылдардын биринде иштеп жатып үймө-үй кыдырып, ата энелерди кыздардын билим алуусунун маанилүүлүгүнө ынандыруудан чарчабайт.Колунда жок үй бүлөлөрдүн балдары мектеп барышы үчүн китеп, дептерлерди сатып алып берет. Мектепте физикалык жазалоого каршы чыгып балдарды ишендирүү, ынандыруу аркылуу тарбиялоо ыкмаларын жайылтууга аракет кылат. Элет элдери эпидемиядан коргонушу үчүн илимий билимдерге таянуу зарылдыгына ынандырат [1] .

4. *Мугалимдер эмгегинин натыйжасын дыйкан же инженер сыяктуу убагында көрө албайт. Натыйжасы узак убакыт аралагында сыйлык да, жаза да болушу мүмкүн.*

Көркөм адабий чыгармаларда ушундай контекст доминанттык мүнөзгө ээ.

Алсак, Айтматовдун Фудзиямадагы кадыр түндө» мурдагы мугалим Айша апа эбак пенсияга чыкса да, бир убакта өзү окуткан балдары Иосиф Татаевич, Исабектердин адеп-ахлактык жактан бүкшүп бузулган абалын көрүп чын ниеттен берген таалим-нускаларынын эмне үчүн жугумсуз болуп калганынын себептерин аңдап түшүнө албай жаны кейийт. « …Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчүү элем. …. Мына эми мынтип кабыргам кайышып жаным каттуу кейип олтурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас, анда өзүмдө да айып бар…. Кай жерден…. эмнеден жаңылыш кетирдик». Билбейм, башым маң …» -деп трагедиянын түпкү себебин өзүнүн жана кесиптештеринин ишинен издейт [2, 349] . Г. Петровдун чыгармасындагы Рачинскийдин окуучулары педагогдун өзүнө гана эмес, бүткүл элге сыймык алып келет. Анткени, анын окуучуларынын арасынан Богдан -Бельский Россиянын таанымал сүрөтчүсү, Богданов-Зоболотный таанымал химик, Василев падыша Николай II нин диний, руханий жол башчысы болуп чыгат. Ошол мезгилдеги университеттерде Рачинскийдин мектебинен билим алгандар “Татеволуктар” деп айрымалуу ийгиликтүү студенттер катары бөлүнүп турган.

5. *Мугалимдердин балдарды сүйүү, жан дүйнөсүн түшүнүүсү жана аларга болгон ишеним.*

Таланттуу жазуучу жана киноценарист Г.Полонскийдин “Башкаларга берүүгө болбогон ачкыч” атуу чыгармасында жана ошол ат менен тартылган көркөм тасмада мугалимдин ийгилиги балдарды сүйүүдөн башталат деген идея бекемделет. Окуучулар Марина

Максимовнаны жакшы көрүшөт жана сыйлашат, купуя сырларын бөлүшүүдөн тартынышпайт. Ошондуктан анын айткандарын окуучулар зор ишеним менен орундашат. Мектеп директору педагогикалык адабияттардын ичинен эң керектүүсү кайсы, эмнеден баштоо керек деп өтүнгөндө ал көлөмү кичинекей Я.Корчактын “Балдарды кантип сүйүү керек” -деген китебин сунуш кылат [9]. Бул чыгармадагы эпизоддор В.А. Сухомлинскийдин "Балага мээримсиз мугалим үнү жок ырчы, дүлөй музыкант, түстү сезе албаган сүрөтчү сыяктуу. Баланы сүйбөй тааный албайсың” - деген ойлору менен үндөшүп турат. [12, 5]

Гүнтекиндин “Боз торгой” романында Фериде окутуу тарбиялоо ишин балдардын өзгөчөлүгүн изилдеп үйрөнүүдөн баштайт. Балдар тууралуу байкандарын, таанып билгендерин, өзгөчө кырдаалдарды дептерге жазып жүрөт. Мунисенин турмушундагы кайгылуу учурларын өткөн эске алып, ага өзгөчө көңүл бурат. Вехби сыяктуу көйгөйлүү окуучуларга анын сабырдуу жана түшүнүүү менен мамиле кылат. Окуучуларды жакындан түшүнүп аларды өзүнө болгон ишенимин бекемдөө, шыктандырууга байланышкан этюддар Ч. Айтматовдун биринчи мугалиминде да арбын. Дүйшөн «Мына ушул теректерди сага арнап келдим. Ушулар жетилип чоңойгондо, сен дагы жетилип жакшы киши болуп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты –айтпады дээрсиң, Сенин таалайыңда жазылып турат… Зээниң бар акылың тунук… Аман болсоң жакшылыктын баары алдыда, …» -деп Алтынайга кадимкидей канат байлайт.

Жалпылап айтканда көркөм адабий чыгармалардагы мугалимдердин образы азыркы мугалимдер үчүн аталган кесиптин табиятын көп кырдуу чен-өлчөмдөрдүн чегинде аңдоо, таануу жана аларга карап түздөнүү үчүн татыктуу билим жана таасирлүү ориентир боло алат.

**Адабияттар**

1. Güntekin, R. N. (2016). Çalıkuşu, İstanbul: İnkılap Yayınları.
2. Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы: А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Шам, 1999. – 1-т.,
3. Алимбеков, А. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдердин нарк насили // Эл агартуу. – Б., 2009. – №3-4. – 1-7-бб.
4. Верцман И.Е. Жан-Жак Руссо. – 2-ое изд., перераб. и дополн. – М.: «Худож. лит.», 1976. – 310 с.
5. Гапаров М. Экөө ээн бакта: Повесттер, аңгемелер жана драмалар / М. Гапаров. – Б.: Турар, 2009. – 552 б
6. Касымбеков Т. Жетилген курак. Бишкек: 2020. – 288 б.
7. Муратов А. Чынгыз Айтматов жазуучу этнопедагог.-Б.:2006.-138 б.
8. Петров Г. Мыкты адам. 2-басылышы.Бишкек:2020.- 64 б.
9. Полонский Г. Ключ без права передачи. Москва. 1980. - 224 с.
10. Рабле Ф. Гаргантюа и Пантагрюэль. М.: Художественная литература, 1973. 783 с.
11. Соловьев Г. Е. А. С. Макаренко и Г. Ноль: педагогические параллели // Актуальные вопросы образования, науки и культуры в интересах устойчивого развития. – Арзамас: Арзамасский филиал ННГУ, 2021. – С. 82–87.
12. Сухомлинский В. А. Сердце отдаю детям. Киев: Радянська школа. 1973. 288 с.
13. Фонвизин Д. И.. Собрание сочинений в 2 томах. Том 2. М., 1959 - 345 с.
14. Фрадкин Ф.А., Плохова М.Г., Осовский Е.Г. Лекции по истории отечественной педагогики: Учебное пособие для студентов высших и средних учебных заведений. – М.: ТЦ СФЕРА, 1995. – С. 132
15. Чехов. А.П. Учитель словесности. // Чехов А.П. Полн. собр. соч. и писем: В 30 т. Т. 8. М.: 1986. С. 310-333.
16. Алимбеков, А Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. Бишкек: “Улуу Тоолор”. 2017. – 272 б.
17. Kömleksiz, M., Çelikbay, A., & Alimbekov, A. (2002). Açıklamalı eğitim terimleri sözlüğü: Kırgızca-Türkçe-Rusça-İngilizce. Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yayınları.

18. **Алимбеков, А.** Орто мектепте окутуунун методдору. Орто мектептин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / А. Алимбеков. - Б.; 2019.- 137 б
19. **Алимбеков, А.** Окутуунун жалпы методдору. Окуу китеби / А. Алимбеков, М. Ташпынар. - Б., 2004. – 232 б.

**УДК: 37016**

## "ПРОБЛЕМА В ИЗУЧЕНИИ СИНТАКСИСА РУССКОГО ЯЗЫКА В ШКОЛАХ С КЫРГЫЗСКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ И ПУТИ ЕЁ РЕШЕНИЯ"

**Абдувахабова Дано Абдулатифовна**
**Директор школы №49**
**ORCID: 0009-0008-7008-0217**
**dabduvakhabova@gmail.com**

## " THE PROBLEM IN STUDYING THE SYNTAX OF THE RUSSIAN LANGUAGE IN SCHOOLS WITH KYRGYZ AS THE LANGUAGE OF INSTRUCTION AND WAYS TO SOLVE IT "

**Abduvakhabova Dano Abdulatifovna**
**Principal of School №49**
**ORCID: 0009-0008-7008-0217**
**dabduvakhabova@gmail.com**

**Аннотация**

Статья посвящена проблемам изучения синтаксиса русского языка учащимися кыргызских школ, для формирования навыков правильного и логичного построения высказываний. Рассматривается трудности, актуальные проблемы изучения синтаксиса русского языка, возникающие вследствие влияния родного языка (интерференция), ограниченного языкового окружения и нехватки специализированных учебных пособий так как во многих школах Кыргызстана используются устаревшие учебники. Особое внимание уделено разработке эффективных методов обучения, основанные на деятельностном, коммуникативном и интерактивном подходе, способствующих формированию прочных грамматических навыков. Учащиеся сталкиваются сложными синтаксическими конструкциями ,изложение мысли ,написание текста. Восприятия синтаксиса русского языка сложен для учащихся школ с кыргызским языком обучения, поэтому рекомендованно использовать схемы, таблицы, синтаксические деревья, чтобы наглядно показать структуру предложений. Интеграция с другими предметами показывает ученикам, что синтаксис важен не только на уроке кыргызского языка,русского языка , но и при объяснении мысли на любом предмете — от истории до биологии. Моя работа акцентируется на необходимость разработки внедрения эффективных методических подходов, направленных на формирование устойчивых грамматических навыков и повышение уровня владения русским языком. [4-8]

**Ключевые слова:** русский язык, синтаксис, обучение русскому языку, интерференция, образование, системное образование, билингвальное образование, двуязычие, методика преподавания.

This article examines the challenges of learning Russian syntax by students in Kyrgyz schools to develop skills for constructing correct and logical sentences. It examines the challenges and